**Шатманова Айжамал Суйналиевнанын 08.00.06 – улуттук жана аймактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн "Айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)" темасындагы диссертациялык ишине расмий оппоненттин**

**ПИКИРИ**

Шатманова Айжамал Суйналиевнанын "Айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)" аталышындагы диссертациялык иши боюнча төмөндөгүдөй корутунду чыгарылды:

**1. Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу**

Кыргыз Республикасынын реалдуу секторунун негизин өнөр жай жана айыл чарба продукцияларын өндүрүү түзөт, ал эми соода ишмердүүлүгү анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Айыл чарбасы өлкөнүн ички дүң продукциясынын 10% дан ашуун түзүп, экономикалык, социалдык жана саясий мааниге ээ жана анын туруктуу өнүгүүсү өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугу үчүн чечүүчү мааниге ээ. Бул багытты өркүндөтүү үчүн айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу абзел. Бүгүнкү күндө айыл чарба өндүрүшүнүн экстенсивдүү мүнөзү инвестицияларды тартуу мүмкүнчүлүгүн чектеп, айыл чарба продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн жана жалпысынан тармакта өндүрүштүн натыйжалуулугунун төмөндөшүнө алып келүүдө.

Ош облусу жагымдуу географиялык жайгашуусу, уникалдуу жаратылыш-климаттык шарттары, айыл чарба өндүрүшүнүн калыптанган көндүмдөрү жана салттары, олуттуу эмгек ресурстары жана айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн жагымдуу экологиялык чөйрөгө ээ, бул аймакка айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн жагымдуу болууга атаандаштык жөндөмдүүлүгүн аныктайт.

Ушуга байланыштуу Ош облусунун айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн деңгээлин баалоо, айыл чарбасынын төмөн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн себептерин жана факторлорун аныктоо жана аны жогорулатуунун артыкчылыктуу багыттарын негиздөө боюнча илимий-практикалык изилдөөлөр өзгөчө актуалдуу болуп саналат.

**2. Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты болуп экономикалык алакалашуу шарттарында региондун айыл-

КЫРГЫЗСКИЙ ЭКОНОМИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ имени М. РЫСКУЛБЕКОВА
Вх. № 340 «14» 11 2025
Исх. № ___ «__» ____ 20__ г.
Подпись

чарбасынын продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну өркүндөтүүнүн экономикалык шарттарын изилдөө, аны башкарууну жөнгө салуунун жана келечектүү багыттарын аныктоонун негизинде теориялык-методологиялык жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу эсептелет.

Бул максатты иш жүзүнө ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлган:

**Максатка жетүү үчүн диссертациялык иште төмөнкүдөй маселелер аныкталды:**

1. Экономикалык алакалашуу шартында региондун айыл чарбасынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн экономикалык мазмунун жана маанисин тактоо;

2. Аймактын айыл-чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу тутумундагы интегралдык түзүмдүн ролун аныктоо;

3. Аймактын айыл-чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун ыкмаларын Кыргызстандын практикасында колдонууну сунуштоо жана аны шартоочу факторлорду аныктоо;

4. Кыргыз Республикасынын Ош облусунда эт азыктарынын мисалында аларды өндүрүү жана сатуунун учурдагы абалын анализдөөнүн негизинде атаандаштык жөндөмдүүлүктү жогорулатуунун резервдерин аныктоо;

5. Аймактык айыл-чарба продукцияларын өндүрүүчү чарбалык субъектилердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруу-экономикалык механизмин иштеп чыгуу;

6. Айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуунун фактору катары айыл-чарба кооперациясын өркүндөтүүнү сунуштоо;

7. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл-чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалары үчүн атаандаштык жөндөмдүүлүктү башкаруу тутумун иштеп чыгуу.

**3. Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Изилдөөнүн илимий жаңылыгы катары экономикалык алакалашуу шарттарында региондун айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу механизмин өркүндөтүүдө теориялык, методикалык жана практикалык жактан сунуштарды иштеп чыгуу эсептелет.

**Изилденген иштин негизги илимий жыйынтыгы төмөнкүлөр:**

– Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн экономикалык мазмунуна жана маанисине тактоо киргизилди;

– аймактын айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу тутумундагы интегралдык түзүмдүн ролу аныкталды;

– айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун методикасы иштелип чыкты жана ага таасир этүүчү сырткы жана ички факторлор сунушталды;

– эт жана эт продукцияларынын мисалында айыл чарба продукцияларын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатууну анализдөө жана баалоо аркылуу атаандаштыкты жогорулатуунун резервдери аныкталды;

- аймактын айыл чарба продукцияларын өндүрүүчү чарбалык субъектилердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруу-экономикалык механизми иштелип чыкты;

- айыл чарба продукцияларын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатууну интеграциялоо жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн айыл-чарба кооперациясынын модели сунушталды;

- аймактын айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалары үчүн атаандаштык жөндөмдүүлүктү башкаруу тутумун иштелип чыкты, экономикалык-математикалык ыкмаларды колдонуу менен Ош облусунун айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана сатуунун 2030-жылга чейинки прогнозу сунушталды.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Изилдөөнүн жыйынтыктарын практикалык колдонуу жагы КРнын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү (2024-жылдын 15-иайындагы акт), Ош облусунун Кара-Суу районундагы "Таширов" атындагы өндүрүштүк-үрөөнчүлүк кооперативи (2025-жылдын 13-февралындагы акт) тарабынан берилген актылар менен тастыкталган.

Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча, айыл чарбалык, кайра иштетүүчү жана тейлөөчү ишканалардын ортосундагы экономикалык өз ара мамилелерди жакшыртуу боюнча көрсөтмөлөр КРдин Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүндө «Ош облусунун 2019-2025-жылдарга карата экономикалык өнүгүүсүнүн стратегиясын" түзүүдө колдонулду. Изилдөө натыйжалары Ош облусунда жана башка аймактарда айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттарын аныктап, талдоодо колдонууну кенейтет. Изилдөөнүн кээ бир аспектилери илимий-изилдөө жумуштарында жана жогорку окуу жайлардын окуу процессинде «Айыл-чарбасынын экономикасы», "Ишкердиктин экономикасы" жана "Маркетинг" предметтеринде колдонсо болот.



А

Диссертациядагы алынган илимий жыйынтыктар, теориялык жана практикалык сунуштар айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун негизги жоболорун тактайт жана толуктайт.

Изилдөөдө алынган илимий натыйжаларды жүзөгө ашырууну, келечекте өндүрүштү башкарууну терендетүүдөгү инфраструктуранын өнүктүрүүгө багытталган инвестицияларды тартууда жана интеграциялык долбоорлорду ишке ашырууда колдонсо болот.

**6. Диссертацияны талкуулоонун жүрүшүнөн келип чыккан кемчиликтер.** Изилдөөнүн теориялык иштеп чыгууларын жана практикалык сунуштарын жалпысынан колдоо менен диссертацияда айрым кемчиликтер бар экенин белгилейбиз:

1. Экинчи бапта эт өндүрүшүнүн сырьелук базасына таасир этүүчү факторлор кеңири изилденген эмес;

2. Диссертациялык иштин үчүнчү бапта айыл-чарба кооперациясын уюштурууда катышуучулардын аткарган кызматы толук кандуу көрсөтүлгөн эмес;

3. Эмгекте грамматикалык жана стилистикалык каталар кездешет.

4. Авторефераттын айрым бөлүмдөрүндө мазмундук дал келбестиктер бар. Кыргызча жана орусча авторефератта 6-7 барактарда изилдөөнүн милдеттери, илимий жаңылык жана коргоого коюлган негизги жоболор бирдей формулировкага ээ болбой, айрым учурда бири-бирин толук чагылдырбай калган. Мисалы, диссертацияда кенири ачылган бир нече илимий натыйжалар авторефератта кыскача же өзгөртүлгөн формасы менен берилген. Бул жагдай автореферат менен диссертациянын ортосунда бир аз структуралык жана мазмундук дал келбестиктерди жаратат.

5. Моделдер боюнча так эместиктер бар.

Диссертациянын негизги текстинде эт өндүрүшү боюнча «модель» түшүнүгү колдонулганына карабастан, авторефератта ошол эле материал «схема» түрүндө берилген. Түшүнүктөрдүн мындай аралаш колдонулушу окурманга илимий ыкманын маңызын толук түшүнүүгө тоскоолдук жаратып, моделдөө элементтерин тактоо зарылдыгын көрсөтөт.

6. Диссертациянын 52-бетинде айрым сүйлөмдөрдүн мааниси бири-бирине так дал келбей калгандыгы байкалат. Айрыкча «Чындыгында, атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө баа берүү субъекттеринин кайсынысы болбосун, катышуучулардын кайсынысы башкалардан басымдуулук кылганын жана эмне үчүн экенин билиши керек жана ансыз ал утулуп калат.» деп башталган сүйлөмдүн маани агымы логикалык жактан толук ачылбай калган. Мисалы: «Катышуучулардын кайсынысы» дегендин ордуна «Катышуучулардын кээ бир пикирлери» жана «Ансыз ал утулуп калат»

дегендин ордуна «Ансыз ал бааланбай калат» деген формулировка контекстке жана илимий ойдун маңызына көбүрөөк туура келет. Бул бөлүктөгү формулировкаларды мазмундук жактан тактоо жана илимий терминдерди туура пайдалануу талап кылынат.

Белгилеп кетчү нерсе жогоруда белгиленген сын-пикирлер диссертациялык иштин актуалдуу темада аткарылгандыгын, алынган илимий жаңылыгын жана практикалык маанисине анчалык таасирин тийгизе албайт.

Автореферат жана басылмалар диссертациянын негизги мазмунун толук чагылдырат.

Жогорку айтылгандардын негизинде Шатманова Айжамал Суйналиевнанын 08.00.06 – улуттук жана аймактык экономика адистиги боюнча "Айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)" темасында аткарылган диссертациялык иши бүткөрүлгөн илимий изилдөө болуп саналат деп жыйынтык чыгарууга болот. Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу Жогорку аттестациялык комиссиянын кандидаттык диссертацияга койгон талаптарына толук жооп берет.

**Расмий оппонент, э.и.д.,**
**М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз**
**экономикалык илимий изилдөө университетинин**
**«Финансы жана экономикалык коопсуздук»**
**кафедрасынын профессору** ——**Ишенов Б.Ч.**